Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.23.666 диссертациялык кеңешинин экспертинин, экономика илимдеринин доктору, профессор Акылбекова Нелли Ильинична тарабынан, изденүүчү Бакай кызы Жамиланын 08.00.12 - бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Бакай кызы Жамиланын «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасы боюнча диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди.

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунушталган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертант ишинде кайра иштетүү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсеби ишкананы өнүктүрүү стратегиясын калыптандырууда жана ишке ашырууда негизги ролду ойноорун карап чыккан. Бул жерде жагдай бизнес үчүн өзгөчө маанилүү болгон стратегиялык башкаруу эсебинин кээ бир аспектилерин колдонууга мүмкүнчүлүк берээри да такталган. Кайра иштетүүчү ишканаларда чийки заттын, энергиянын, эмгектин жана башка ресурстардын чыгымдарын жана баасын эсепке алуу абдан маанилүү экендиги белгиленген.

Ошондой эле, диссертант стратегиялык эсеп өндүрүштүн натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн чыгымдарды талдоо жана оптималдаштырууга мүмкүн экендигин карап чыккан. Кайра иштетүү ишканалары үчүн сырьёлордун, жарым фабрикаттардын жана даяр продукциянын запастарын натыйжалуу башкаруу менен аныкталышы керек экендиги баса белгиленген. Стратегиялык эсеп инвентарлардын деңгээлин оптималдаштырууга, сактоо чыгымдарын минималдаштырууга жана жетишсиз же ашыкча запастарга байланыштуу тобокелдиктерди башкарууга мүмкүндүк берээри да каралган.

Албетте, стратегиялык эсеп көйгөйлөрдү аныктоо жана сапаттын шайкештиктин жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн өндүрүш процесстерин өркүндөтүү үчүн продукциянын сапаты боюнча маалыматтарды талдоону камтып, ишканадагы продукциялардын сапатына көңүл буруу керектигин да изилдеп чыккан. Бухгалтердик эсептин маалыматтарын талдоо кайра иштетүүчү ишканаларды стратегиялык өнүктүрүүнүн маанилүү аспектиси

болуп саналган инновацияларды жана жаңы продукцияны иштеп чыгуунун потенциалдуу багыттарын аныктоо үчүн керектүү шарттарды түзөрү да диссертациялык иште каралган.

**2.Изилдөөнүн максаты.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты жана милдеттери – кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү, стратегиялык башкаруу эсебинин өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн шарттарды, өбөлгөлөрдү түзүү үчүн стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуу механизмин өркүндөтүү, ошондой эле башка өлкөлөрдүн тажрыйбаларын изилдеп, жыйынтыктарын ата мекендик ишканаларда колдонуу болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:

1. Кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилерин изилдөө;
2. Кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйбаны изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларына экономикалык талдоо жүргүзүү;
4. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмаларын аныктоо;
5. Кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөрдү аныктоо;
6. Кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Бүгүнкү күндө ишкананын атаандаштык артыкчылыктарын камсыз кылууга тийиш болгон, туура аныкталган стратегия, ишкананы натыйжалуу башкаруу үчүн өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Мындай стратегияны түзүү үчүн ишканага оперативдүү маалыматтар керек, ошондуктан стратегиялык башкаруу эсебинин маалыматтары негизделген чечимдерди кабыл алуу үчүн чоң мааниге ээ болот.

Кайра иштетүү өнөр жай тармагынын өнүгүүсү ата мекендик экономиканын эл аралык мейкиндике чыгышы, биринчи кезекте маалымат каражаттарын ыкчам (оперативдүү) башкаруудан стратегиялык башкаруу тармагына орчундуу кызмат кылышы учурдун негизги талабы. Кайра иштетүүчү ишканалырынын туруктуу өнүгүшү алардын ишмердүүлүгүн максатка ылайык мониторинг кылуу, прогноздоо, көйгөйлөрдү аныктоо, финансылык жана финансылык эмес көрсөткүчтөрүн айкалыштыруу аркылуу ыкчам (оперативдүү) жана стратегиялык башкаруу тармагынын максаттарына жетүүгө болот.

Башкаруу эсебинин тармагынын түзүмүндө бухгалтердик жана уюштуруучулук (финансылык-уюштуруу структурасы, башкаруу эсебинин методологиясы, иш кагаздарды жүгүртүү тармагы), бухгалтердик эсепти жана

башкарууну (жоопкерчилик борборлорун түзүү, бюджетти түзүү), бухгалтердик жана аналитикалык (башкаруучулук анализдин методологиясы) айырмалоо керек) жана интеграциялоо (стратегиялык эсепке алуу жана тармагын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн түзүү) тармагын камсыз кылуу.

Стратегиялык эсеп башкарууну негизделген стратегиялык чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү маалымат менен камсыз кылат. Финансылык маалыматтарды, эффективдүү индикаторлорду жана башка маалыматтарды талдоо бизнестин күчтүү жана алсыз жактарын, өсүү жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жана максаттарына жетүү үчүн натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгууга багытталган.

Стратегиялык эсепти натыйжалуу колдонуу кайра иштетүүчү ишканаларга базар шартында атаандаштыкка туруштук берүүгө мүмкүндүк берет. Өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу, өздүк наркты көзөмөлдөө, базар шартынын керектөөлөрүнө ылайык жаңы өнүмдөрдү жана кызматтарды иштеп чыгуу – мунун баары ишкананын позициясын бекемдөөгө жана кардарларды тартуу үчүн чоң мааниге ээ боло алат.

Жогоруда айтылгандарды эске алып караганда, диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу.

**4. Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште жаңы далилдүү теориялык натыйжалар бнрилген жана алардын жыйындысы экономикалык илимдин өнүгүшүү чүн тиешелүү салымын кошот.

Булардын өзгүн төмөнкүлөр түзөт:

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилери изилденди;

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкару эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары аныкталды;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр аныкталды;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар ишелип чыкты.

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилери изилденди;

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкару эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү;
– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары аныкталды;
– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр аныкталды;
– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар ишелип чыкты.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси Кыргыз Республикасында кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды кайра иштетүүчү ишканаларга, Экономика жана коммерция министрлигине, Финансы министрлигине сунушталды.

Изилдөөнүн натыйжалары кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча санариптик технологияларды киргизүүнү эске алуу менен натыйжалуу башкаруу эсебинин системасын түзүү ыкмаларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Автор Экономика жана коммерция министрлигинен, Финансы министрлигинен, сунуштарды камтыган ишке ашыруу актысын алган.

**6.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толук дал келет.

**7.Эскертүүлөр.**

1. Диссертациялык иште биринчи бөлүм көлөмдүү жана теориялык маалыматтар көп берилгендиги байкалат.
2. Диссертациялык иштин экинчи бөлүмүндө жалпы кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык экономикалык абалына талдоо жүргүзүлгөн, мисал катары бир канча ишканалардын акыркы жылдардагы абалына талдоо жүргүзүү ашыкча болбос.
3. Диссертациялык иштин ар бир бөлүмүндөгү жыйынтыктоочу корутундулар көлөмдүү болуп калгандыгы байкалат.

**8.Сунуштар.**

1. Диссертациялык иште биринчи бөлүм көлөмдүү, теориялык маалыматтар көп берилгендиктен, кээ бир маалыматтарды кыскартуу боюнча сунуш берилет.

2. Диссертациялык иштин экинчи бөлүмүндө жалпы кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык экономикалык абалына талдоо жүргүзүлгөн, ошондуктан 2.2 жана 2.3 параграфтарындагы маалыматтарды кошуп (бириктирип), 2.3 параграфтын аталышын өзөртүп, мисал катары бир канча ишканалардын акыркы жылдардагы абалына талдоо жүргүзүүнү сунуштайм.
3. Диссертациялык иштин ар бир бөлүмүндөгү жыйынтыктоочу корутундулардын кээ бирлерин кыскартууну сунуштайм.

**9.Сунуштамалар.**
Автордун ишке ашыруу актысы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин окуу борбору тарабынан жана Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги тарабынан берилген. Алынган натыйжалары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Айыл жана суу чарба,кайра иштетүүчү өнөр жай министрлигине сунуштоо туура деп эсептейм.

**10. Корутунду.**
Каралып жаткан диссертациялык иш логикалык жактан иштелип чыккан илимий изилдөө болуп саналат. Диссертациялык иште стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында) боюнча каралып, илимий жактан негизделген жаңы теориялык натыйжалар иликтенген.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Бакай кызы Жамиланын тапшырган документтерин карап чыгып,** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.23.666 диссертациялык кеңешине Бакай кызы Жамиланын 08.00.12 - бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасындагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

Эксперт:
экономика илимдеринин доктору,
профессор Н.И. Акылбекова
25.06.24.

Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы, экономика
Илимдеринин доктору Есеналиева Б.Б

МААЛЫМКАТ ҮЧҮН ДЛЯ СПРАВОК